«Бекитемин»
ОшМУнун ректору,
профессор К.Г. Кожобеков
«___»________2023-жыл

# ОшМУнун «Топ 20 студенти» сынагы жөнүндө жобосу

Ош мамлекеттик университетинин студенттик коомчулук менен иштөө бөлүмү

Ош-2023

**МАКУЛДАШУУ БАРАКЧАСЫ**

| Аталышы | Структуралык бөлүм | Жооптуу адамдын аты-жөнү | Жооптуу адамдын колу, кол коюлган күнү |
|---|---|---|---|
| Иштеп чыгуу | Студенттик коомчулук менен иштөө бөлүмү | Орозали уулу Бектурсун | ______ (колу)<br>“__” __________ 2023-ж |
| Макулдашуу | Окуу иштер боюнча проректор | Божонов З.С. | ______ (колу)<br>“__” __________ 2023-ж |
| | Окуу бөлүмүнүн начальниги | Атабаев И.Н. | ______ (колу)<br>“__” __________ 2023-ж |
| | Студенттик коомчулук менен иштөө боюнча проректор | Артыкова Ж.А. | ______ (колу)<br>“__” __________ 2023-ж |
| | Финансы-экиномикалык пландоо бөлүмүнүн башчысы | Курбанбаева Д.Ш. | ______ (колу)<br>“__” __________ 2023-ж |
| Каттоо | ОшМУнун тарбиячысы | Сулайманова А. | ______ (колу)<br>“__” __________ 2023-ж |

## ОшМУнун «Топ 20 студент» сынагынын жобосу

### 1. Жалпы жобо:

«Топ 20 студент» сынагына ОшМУнун күндүзгү окуу бөлүмүндө окуган (жарандыгына, улутуна карабастан) жалпы студенттер катыша алат.

**1.1 Сынактын максаты:** Академиялык жетишүүсүндө өзүнүн активдүүлүгүн көрсөткөн студенттерге моралдык жана материалдык дем берүү болуп эсептелет. «Топ 20 студент» сынагы студенттерди *ар бир предметке* ынтызарлык менен катышууга үндөө. Ар бир айда ОшМУнун күндүзгү окуу бөлүмүндө окуган студенттеринин ичинен топ *20 студентке кирүүгө түртүү берүү.*

- ✓ Аккредитациялык талаптарга дал келет.
- ✓ Студенттерге каралган стипендиялык программаларды толуктайт.
- ✓ Окуу процессин жакшыртат;
- ✓ Окуу жайдын сайтынын окумдуулугун жогорулатат.

**1.2 Сынактын милдеттери:**

Студенттердин окууга, илимге болгон кызыгуусун арттыруу.
Илимий иш чараларга катышууга тартуу.
Ар тараптуу өсүүгө стимулдаштыруу жана мотивациялоо.
Кесипкөй адистерди даярдоо.

**1.3 Сынактын жалпы жобосу** – КРнын билим берүү мыйзамдарына таянып, ОшМУнун уставынын 7.21, 7.22, 7.23, 7.24-пункттарынын негизинде жана ОшМУнун тарбиячысынын кызматтык милдет-укуктарына ылайык, окуу-тарбия иштерин жакшыртуу үчүн иштелип чыкты.

**2. Сынактын финансылык каржылануусу**

2.1. Сынакты финансылык каржылоо ОшМУнун ички бюджетинин эсебинен жүргүзүлөт;

2.2. Бул сынактын жалпы сыйлык фонду – эки жүз миң (200 000) сом.

2.3. Сыйлык фондун 10 айда 20 студентке ай сайын 1000 сом өлчөмүндө акчалай сыйлык ыйгаруу.

2.4. Бир окуу жылы ичинде 2 ирет топ 20 студенттин алгачкы бештигине кирсе, анда ал студенттердин ата-энелерине ОшМУнун ректораты тарабынан ыраазчылык каттарды ыйгаруу каралат.

| | | | | |
|---|---|---|---|---|
| **Ар бир айга** | | | | |
| 20 студент | * | 1000сом | = | 20 000 сом |
| **10 айда** | | | | |
| 20, 000 | * | 10 ай | = | 200, 000 сом |

**3.Сынакты уюштуруу**

3.1 АВН маалыматтык системасындагы GPA бал боюнча топ 20 студентти тактап алуу.

3.2 Бул түзүлгөн жобо-конкурс боюнча студенттерге декан, директорун окуу-тарбия иштери боюнча орун басарлары, студенттик акыйкатчы аппараты жана студенттик кеңеш аркылуу маалыматтарды жеткирүү.

3.3 Сынакты уюштуруу толугу менен сайт аркылуу жүргүзүлөт. Сынак ОшМУнун студенттик коомчулук менен иштөө бөлүмүнүн тарбиячылары тарабынан көзөмөлдөнүп турат.

**4.Жеңүүчүлөрдү аныктоо**

Студенттин ар бир академиялык жетишүүсү сайтка катталып, ар бир семестрдин жыйынтыгы боюнча эң алдыңкы топ 20 студент ректоратка жеңүүчү катары билдирилет жана кийинки семестрдин ар бир айында тандалып алынган студенттерге 1000 сомдон ыйгарылат. Эгер студенттердин топтогон упайы дал келип калса: а) Төмөнкү курстарга өзгөчөлүк берилет. б) Студенттин акыркы семестрдеги ар бир предметине коюлган баллдарынын орточо саны каралат. в) Сабактарга катышуунун орточо пайызы каралат. ***Эскертүү: GPA балы 4 болгондор гана катыша алат.***

**5. Уюштуруу тобу**

5.1. «Топ 20 студент» сынагы ОшМУнун студенттик коомчулук менен иштөө бөлүмү тарабынан жүргүзүлөт.
5.2 Уюштуруу тобу зарыл учурда сынактын жобосуна өзгөртүү киргизе алат.
5.3 Бир окуу жылы ичинде 2 ирет топ 20 студенттин алгачкы бештигине киргендерге жана окуу жайды аяктаганга чейин топ 20 студенттин катарын толуктагандарга өзгөчө сыйлыктарды кароо уюштуруу тобу тарабынан аныкталып жетекчиликке сунушталат.